Кыргыз Республикасынын
Улуттук статистика комитети

Экспресс-маалымат
2026-жылдын 16-ноябры

Кыргыз Республикасынын 2026-жылдын январь-октябрындагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

	Иш жүзүндө (млн. сом)	2026-ж. январь-октябры 2025-ж.[1] январь-октябрына карата % менен	Маалымдама: 2025-ж.[1] январь-октябры 2024-ж. январь-октябрына карата % менен
Ички дүң продукт (алдын-ала баалоо)	1 866 416,1	110,5	109,6
анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албаганда	1 783 899,7	112,3	111,2
Өнөр жай продукцияларынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы	770 912,8	105,2[2]	109,5[2]
анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албаганда	509 588,5	115,5[2]	121,4[2]
Пайдалуу кендерди казуу	77 996,2	107,5[2]	117,4[2]
Иштетүү өндүрүшү	612 891,4	104,5[2]	107,6[2]
анын ичинде тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки азыктарын өндүрүү	107 943,6	110,1[2]	131,9[2]
Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу)	71 690,6	104,3[2]	114,9[2]
Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу	8 334,6	122,7[2]	124,7[2]
Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы	453 272,2	104,7	102,2
Курулуштун дүң продукциясы	450 344,8	161,5	123,6
Дүң жана чекене сооданын, автоунааларды жана мотоцикл-дерди оңдоонун жалпы көлөмү	1 889 173,5	104,3	115,1

	Иш жүзүндө (млн. сом)	2026-ж. январь-октябры 2025-ж.[1] январь-октябрына карата % менен	Маалымдама: 2025-ж.[1] январь-октябры 2024-ж. январь-октябрына карата % менен
анын ичинде автоунааларды жана мотоциклдерди сатууну кошпогондогу чекене соода	723 527,5	114,8	111,2
Мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү	60 394,2	107,6	117,6
Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу, миң тонна	60 651,1	109,4	120,9
Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам	577,1	108,3	104,9
Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү	2 846,9	112,7	140,7
Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү	35 843,5	106,5	106,2
Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестициялар (капиталдык салымдар)	422 922,4	162,9	114,9
Тышкы жана өз ара сооданын көлөмү[3], млн. АКШ доллары	14 099,9	116,6[4]	98,4[5]
анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер	5 176,7	111,3	114,6
Экспорт[3], млн. АКШ доллары	2 719,9	119,3[4]	79,4[5]
анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер	894,5	91,8	71,6
Импорт[3], млн. АКШ доллары	11 380,0	116,0[4]	104,1[5]
анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер	4 282,2	116,5	136,3
Керектөө бааларынын индекси		111,0	108,0
- 2025-ж. декабрына карата	108,8		
- 2025-ж. октябрына карата	111,1		
Катталган жумушсуздардын саны, миң адам	34,9	85,1	74,6
Кызматкерлердин номиналдык эсептелген орточо айлык эмгек акысы[6], сом	55 525	129,4[4]	119,9[5]


[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] 2026-ж. январь-сентябры.
[4] 2026-ж. январь-сентябры, 2025-ж. январь-сентябрына карата пайыз менен.
[5] 2025-ж. январь-сентябры, 2024-ж. январь-сентябрына карата пайыз менен.
[6] 2026-ж. январь-сентябры (чакан ишканаларды эсепке албаганда).

2026-жылдын январь-октябрындагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн кыскача жыйынтыктары

Ички дүң продукттун көлөмүнүн жогорулашы 2025-жылдын январь-октябрына салыштырмалуу кызмат көрсөтүү тармактары тарабынан камсыздалган, алардын ИДПнын жалпы көлөмүндөгү үлүшү 48,9 пайызды, товардык өндүрүш – 36,0 пайызды жана продукттарга болгон таза салыктар - 15,1 пайызды түздү.

Ички дүң продукт


(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)



Өнөр жай. Өнөр жай өндүрүшүнүн 2025-жылдын январь-октябрына салыштырмалуу өсүшү тамак-аш азыктарынын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки продукцияларынын (10,1 пайызга), фармацевтикалык продукциялардын (13,5 пайызга), курулуш материалдарынын (29,3 пайызга), жыгачтан жана кагаздан жасалган буюмдардын, полиграфиялык ишмердүүлүк продукцияларынын (36,5 пайызга), транспорт каражаттарынын (38,3 пайызга), тазаланган мунай продукцияларынын (1,8 эсеге), химиялык продукциялардын (2,4 эсеге), ошондой эле пайдалуу кендерди казуу көлөмүнүн (7,5 пайызга) көбөйүшү менен камсыздалды.

Өнөр жай продукциясы

(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)



Муну менен бирге негизги металлдарды өндүрүүнүн көлөмү (6,1 пайызга) азайышы белгиленди.


Электр энергиясы, газ жана буу менен камсыздоо көлөмүнүн өсүшү негизинен электр энергиясын бөлүштүрүүнүн (7,1 пайызга), ошондой эле газ камсыздоо системалары аркылуу газ сымал отунду бөлүштүрүүнүн (6,5 пайызга) көбөйүшү менен шартталды.

Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдаланылуучу чийки заттарды алуу көлөмүнүн көбөйүшү негизинен сууну чогултуу, иштетүү жана бөлүштүрүү көлөмүнүн өсүшү (12,6 пайызга) менен камсыздалды.

Айыл чарба. 2025-жылдын январь-октябрь айына салыштырмалуу айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулуктун дүң продукцияларын өндүрүүнүн көлөмүнүн өсүшү өсүмдүк чарбачылык продукциясын өндүрүүнүн 5,5 пайызга, ошондой эле мал чарбачылыгынын 4,0 пайызга көбөйүшү менен камсыздалды.

Айыл чарбасынын дүң продукциясы


(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)



Курулуштун дүң продукциясы. 2025-жылдын январь-октябрына салыштырмалуу курулуштун дүң продукциясынын өсүшү негизги капиталга инвестициялардын көбөйүшү менен байланыштуу.

Курулуштун дүң продукциясы

(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)



Соода. Дүң жана чекене сооданын, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун жүгүртүүлөрүнүн 2025-жылдын январь-октябрына салыштырмалуу өсүшү чекене сооданын (14,8 пайызга) көлөмүнүн өсүшү менен камсыздалды.


Курулуштагы инвестициялар. 2025-жылдын январь-октябрына салыштырмалуу негизги капиталга инвестициялардын көлөмүнүн көбөйүшү ички каржылоо булактарынын (1,6 эсеге), ошондой эле тышкы булактарынын (1,8 эсеге) эсебинен камсыздалган.

2026-жылдын январь-октябрында инвестициялардын негизги көлөмү (алардын жалпы көлөмүнүн 80 пайыз) транспорт ишмердиги жана жүктөрдү

сактоо, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), пайдалуу кендерди казуу, билим берүү объекттеринин курулушуна, ошондой эле турак жай курулушуна багытталды.

Негизги капиталга инвестициялар


(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)



Тышкы жана өз ара соода. Үстүбүздөгү жылдын январь-сентябрында 2025-жылдын январь-сентябрына салыштырмалуу тышкы жана өз ара сооданын көлөмүнүн өсүшү импорттук түшүүлөрдүн (16,0 пайызга) жана экспорттук жөнөтүүлөр (19,3 пайызга) менен камсыз болгон. Соода жүгүртүүнүн түзүмүндө экспорт 19,3 пайызды, импорт 80,7 пайызды түздү.


Экспорттун көлөмү

(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)




Импорттун көлөмү

(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)



Кыргыз Республикасынын ЕАЭБ өлкөлөрү менен өз ара соодасынын көлөмү 2026-жылдын январь-сентябрында 5,2 млрд. АКШ долларын түзүп, 2025-жылдын январь-сентябрына салыштырмалуу 11,3 пайызга өстү. Экспорттук жөнөтүүлөр 8,2 пайызга азайды, ал эми импорттук түшүүлөр 16,5 пайызга көбөйдү. ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин ичинен республиканын өз ара соодасынын эң чоң үлүшү Россияга (61,5 пайыз) жана Казакстанга (35,2 пайыз) туура келди. Республиканын товар жүгүртүүсүнүн жалпы көлөмүндө Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер менен болгон өз ара соодага 36,7 пайыз, экспортко 32,9 пайыз, импортко 37,6 пайыз туура келди.

ЕАЭБге мүчө мамлекеттерге болгон экспорт
(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)



ЕАЭБге мүчө мамлекеттерден болгон импорт *(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



Үчүнчү өлкөлөр менен (ЕАЭБден тышкары) тышкы сооданын көлөмү 8,9 млрд. АКШ долларын түзүп, 2025-жылдын январь-сентябрына салыштырмалуу 20,0 пайызга жогорулады. Республиканын товар жүгүртүүсүнүн жалпы көлөмүндө үчүнчү өлкөлөр менен (ЕАЭБден тышкары) тышкы соода 63,3 пайызды, экспорт 67,1 пайызды, импорт 62,4 пайызды түздү.

Баалар жана тарифтер. Үстүбүздөгү жылдын январь-октябрында (өткөн жылдын декабрь айына салыштырмалуу) жалпы республика боюнча керектөө бааларынын жана тарифтеринин өсүшү 8,8 пайызды түздү. Муну менен, азык-түлүк товарларына жана алкоголсуз ичимдиктерге баалар 7,7 пайызга, алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге 8,0 пайызга, азык-түлүк эмес товарларга 7,6 пайызга жана калкка көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер - 12,2 пайызга жогорулады.

Бул мезгилде баалар жаңы союлган этке (18,4 пайызга), анын ичинен кой этине (24,4 пайызга), жылкы этине (21,0 пайызга), уй этине (18,3 пайызга), тоок жумурткасына (18,7 пайызга), сүт азыктарына (10,8 пайызга), бышырылган нан азыктарына (10,3 пайызга), жаңы бышкан жемиштерге (8,7 пайызга), өсүмдүк майларына (8,0 пайызга), гречка акшагына (7,3 пайызга), балыкка (5,6 пайызга), кумшекерге (5,5 пайызга), ак каймак майга (5,4 пайызга), нанга (4,1 пайызга) жана унга (2,0 пайызга) ири өлчөмдө жогорулаган.

Муну менен катар, жаңы бышкан жашылчалардын (18,5 пайызга), картошканын (22,5 пайызга) жана күрүчтүн (2,3 пайызга) бааларынын төмөндөшү катталган.

Үстүбүздөгү жылдын январь-октябрында (өткөн жылдын декабрь айына салыштырмалуу) республиканын бардык аймактарында керектөө бааларынын жана тарифтеринин жогорулашы белгиленген. Мында баанын максималдуу өсүшү (17,1 пайызга) Ош облусунда катталган, бул баалардын азык-түлүк товарларына жана алкоголсуз суусундуктарга (11,4 пайызга), алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге (28,4 пайызга), азык-түлүк эмес товарларга (13,0 пайызга) жана калкка көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер (29,5 пайызга) жогорулаган.


Үстүбүздөгү жылдын октябрь айында өткөн айга салыштырмалуу керектөө бааларынын жана тарифтеринин өсүшү жалпы республика боюнча 0,6 пайызды түздү, бул азык-түлүк эмес товарлардын - 0,8 пайызга, азык-түлүк товарлардын жана алкоголсуз ичимдиктердин - 0,6 пайызга жана калкка көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөргө тарифтеринин - 0,3 пайызга өсүшү менен шартталды.

Үстүбүздөгү жылдын октябрь айында баалар жаңы бышкан жашылчаларга (5,3 пайызга), куюлуп сатылуучу сүткө (4,1 пайызга), жаңы бышкан жемиштерге (4,0 пайызга), акшакка (1,6 пайызга), жумурткага (1,5 пайызга) жана өсүмдүк майларына (0,7 пайызга) жогорулады. Ошону менен катар, үстүбүздөгү жылдын октябрь айында малдын тоң майларына (2,9 пайызга), картошкага (0,9 пайызга), этке (0,4 пайызга) жана кумшекерге (0,3 пайызга) баалардын төмөндөшү катталды.

Үстүбүздөгү жылдын октябрь айында өткөн айга салыштырмалуу керектөө бааларынын жана тарифтеринин жогорулашы Жалал-Абад облусун кошпогондо 0,1 пайыз төмөндөө, республиканын бардык аймактарында белгиленди.


Керектөө бааларынын индекси

(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)



Керектөө бааларынын индекси


(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)



Эмгек акы. 2026-жылдын январь-сентябрында номиналдык эсептелген орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин жогорулашы 2025-жылдын январь-сентябрына салыштырганда экономикалык ишмердиктин бардык түрдөгү ишканаларында жана уюмдарында байкалды.


Номиналдык эсептелген орточо айлык эмгек акы

(миң сом)



Реалдуу эмгек акы

(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)



Алардын эң олуттуу жогорулашы искусство, көңүл ачуу жана эс алуу (1,6 эсеге), саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө (51,1 пайызга), билим берүү (47,6 пайызга), кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик (35,5 пайызга), айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук (32,9 пайыз), суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу (29,8 пайыз), транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо (25,5 пайыз), финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу (23,3 пайыз), курулушта (22,6 пайызга) ошондой эле административдик жана көмөкчү ишмердик (21,9 пайызга) чөйрөлөрүндө болду.